Жаралып жандан
Чыйралып кандан
Чырпыктай көктөп
Чырактай жанган
Адам дүйнөгө
Бир келген мейман

Кайырма:
Өмүр өмүр ай
Өрттү кезим ай
Өткөргөн сенин ай
Өксүү сезим ай
Өмүр өмүр ай
Өмүр гүлүн ай
Мерез тагдырдай ай
Мезгил күтүп ай

Өрүктөй чакта
Өмүрдү баркта
Учугун улап
Бактысын сакта
Саргайып кийин
Санааны бакпа